
Даабек ТУРДУЕВ



# ӨРҮКЗАР КАЙРЫКТАРЫ

Даабек ТУРДУЕВ

# ӨРҮКЗАР КАЙРЫКТАРЫ

*ЫРЛАР*

обл кеш
инв: 19500.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАДАНИЯТ МААЛЫМАТ ЖАНА ТУРИЗМ
МИНИСТРЛИГИ
БАТКЕН ОБЛУСУ
БАТКЕН ОБЛУСТУК
КИТЕПКАНАСЫ
МИНИСТЕРСТВО
КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ И ТУРИЗМА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНН 00909201410021
"___" ______ 20___ -ж./г
№ ______
ород БАТКЕН шаары

Бишкек – 2012

УДК 821.51
ББК 84 Ки7-5
Т 87

Китеп Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык менчик кызматынын директору Ажибай Калмаматовдун жалпы редакциясы астында жарык көрдү.

**Турдуев Д.**

**Т 87** *Өрүкзар кайрыктары. Ырлар. – Бишкек – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (Кыргызпатент), 2011. –76 б.*

Автордун бул ырлар жыйнагына Ата-Журттун ыйыктыгын, элге кызмат өтөө парзын, элет көйгөйлөрүн жана жашоонун ар кыл оош-кыйыштарындагы ички ой-толгоолорун чагылдырган ырлары топтоштурулду.

ISBN № 978-9967-446-56-4

Айылдык акын Даабек Турдуевдин ырлары автордун макулдугу менен акын Маркабай Ааматовдун оңдоолору, редакциялык түзөтүүлөрү менен басууга сунушталды.

Т 4702300200-12
ISBN № 978-9967-446-56-4
УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© Турдуев Д., 2012

## МЕНИН ҮЙҮМ

Менин үйүм өз айылымда жупуну,
Наристелер чуркап чыккан утуру.
Базар болуп бапырайт-оо, бапырайт,
Насип кылган Алла-Таала ушуну.

Менин үйүм кыштан эмес ылайдан,
Ырыс-бакыт таап келем бу жайдан.
Ээ-жаа бербей сезимдерим ыр жаздым,
Эргүү алып күн нурунан кылайган.

Менин үйүм мейманына кең болсун,
Уул-кызым урпагына тең болсун.
Андан учуп канат каккан ырларым,
Аруу ойлор сезимдерге дем болсун!

## САМАРКАНДЕК

Кыштагым өрүкзарлуу Самаркандек,
Сагынсам алыстарда барам дегдеп.
Жаштыгым кол булгалап кетсе дагы,
Жалындап жанам сен деп, жанам сен деп.

Бүгүн мен эске салам жаш чагымды,
Аралап өрүкзарлуу бак-шагыңды.
Ак эмгек кылган менен чейрек кылым,
Айтылар бир эстелик таштадымбы?

Маалында сабак бердим чачты сылап,
Көп түштүм сыноолорго бакты сынап.
Таалимди менден алган улан-кыздар,
Тарады туш тарапка билим улап.

Кыштагым жазда көркөм жагалданган,
Түгөнгүс ырдын кенин табам андан.
Өзүңдөн эргүү алып таланттуулар,
Дарылайт сезимдерин жараланган.

Кыштагым өрүкзарлуу Самаркандек,
Сагынсам алыс жакта барам дегдеп.
Жаштыгым кол булгалап кетсе дагы,
Жалындап жанам сен деп, жанам сен деп,
Самаркандек!

## КУРБУЛАРГА

Барсыңарбы досторум, курбуларым,
Курбаналы, Ырыспай, Тургунаалым.
Укчу элек кулак канбай булбул үнүн,
Анан да мөл булактын ырдаганын.

Жоокерлердей "атышып" жашынганды,
Көрөсөндө асынып балтырканды.
Алыс жакка алпарып ууру мезгил,
Ар жагына тоолордун калтырганбы?

Азоо миндик алкынтып. азынатып,
Акырлардан чаап өтүп шатыратып.
Колду-бутту үшүтүп борошого –
Жылгаяк тээп кар музду шагыратып.

Балалыкты балдарга берип мына,
Аксакалбыз айылга ээлик кыла.
Аскиячыл чал болдук сакал кырган
Алтымыштын кырына келип мына!

# О, БАТКЕНИМ

Гүлгө айланган таш жериң,
Кереметтүү Баткеним.
Күндө өсүү, өзгөрүү –
Күлгүн курак жаш кезиң.

Зардалыдай төрүң бар,
Замзам суудай көлүң бар.
Өзгөлөрдү суктанткан,
Өрүкзардай өңүң бар.

Заманга бап жараштың,
Намысыңды талаштың.
Илгертеден койнуңда,
Изи турат Манастын.

Бизге берген демиң бар,
Ар-намыстуу элиң бар.
Түбөлүктүү жашагын,
О, Баткеним дегим бар!

## ТӨРТ-КҮЛ КӨЛҮ

Он чакырым узундугу, туурасы,
Туулган жерде сенсиң бүгүн суу башы.
Төрт-Күлүм – мелмилдеген, мелтиреген,
Көзгө сүйкүм сулуулугуң бир жакшы!

Ак таңдарды жээгиңде атырып,
Алыс жүрсөм сагынамын ашыгып.
Түн койнунда көл ичинде Ай сызат,
Түпкүрүнө жылдыздарды жашырып.

Тоолор сени күзгү кылып каранат,
Аккан булут көл бетинен агарат.
Жээгиңде далай дарак ичинде –
Мажүрүм тал чачын жайып таранат.

Төрт-Күл сулуу толкун сүрүп шашасың,
Аруусуң да, асылсың да, тазасың.
Айдың талаа, айылдарга суу берип,
Ата-Журттан алкыш алып жатасың.

## ОРТОБОЗ ЫЙЛАЙТ СУУ СУРАП

Кан тамыр өңдүү керексиң,
Кыргыздын суусу Геревшин
Бабур-хан бойлоп өзүңдү –
Ак-Буура менен теңештиң!

Кыргыздын бүтпөс тарыхын,
Жакыны менен алысын.
Уккан да өзүң болчусуң,
Бабалар баскан дабышын.

Ортобоз, Кулан, карачы,
Көз жетпейт Төрт-Күл талаасы.
Суу жетпей жатат бозоруп,
Элимдин ошол санаасы.

Даракттар куурап шуудурап,
Көңүлдөр сыздап, буулугат
Ойногон куюн желаргы –
Ортобоз ыйлайт суу сурап.

Гүлдөсүн чөлдүү ушул жак,
Буралы тоонун суусун бат.
Мекени суунун болсок да,
Бул жерде тамчы суу кымбат!

Кан күйгөн согуш басылып,
Кан жуткан көңүл ачылып.
“Ак-Татыр” канал казылды,
“Мачан” болуп жазылып.

Тосушуп аккан дайрамды,
Бөтөн эл курат сайранды.
Бийликтен кетти акыйкат,
Күтөбүз кимден жардамды.

Дилибиз бөлөк, тил бөлөк,
Коңшудан сууну ким бөлөт.
Боздогон элдин көз жашын,
Борбордон келип ким көрөт?

Көңүлдө толо дат, кайгы,
Бул жакка чоңдор каттайбы?
Не болот элдин тагдыры –
Жаштарды жолго таштайбы?

Көп жылдык арыз-арманды,
Иши жок самсып калганды.
Теледе сайрайт депутат –
Апыртып айтып жалганды.

Таалайы тайкы, тар болдук,
Бир тамчы сууга зар болдук
Эл үчүн күйгөн жан барбы,
Эл башы кайда дал болдук.

Жергемден аккан чоң дайра,
Өзөнгө батпай урунат.
Өзгөнүн чечип тагдырын,
Өгөйдөй калдык биз кууран.

Дарактар куурап шуудурап,
Көңүлдөр сыздап буулугат,
Ойногон куюн, желаргы,
Ортобоз ыйлайт суу сурап..

## ТӨРТ-КҮЛ

Эрте жазда Төрт-Күлүмө баратсам,
Адырынан кызыл жоолук кол булгайт.
Жакын келсем кызыл өрүк гүлү экен,
Кызы кандай болду экен деп ой тынбайт.

Ат бастырып Төрт-Күлүмө баратсам,
Ак көйнөкчөн бир топ келин кол булгайт.
Жакын барсам алма гүлдүү бак экен,
Алма гүлдөй кызын ойлоп ой тынбайт.

Күздө барсам Төрт-Күлүмдү сагынып,
Кыз-жигиттер аба жарып күлүшөт.
Жүздөрүнө сүйүү оту жагылып,
Жүзүм үзүп, алма жыйнап жүрүшөт.

## АТАМА

Ата жолун улоо оңой, ааны?
Алдым ата алкыш менен батаңды.
Даабегиңди теске салып чоңойттуң.
Адам бол деп айтып бетке катымды.

Кеп-кеңешиң дайым угуп отурам,
Көңүлүмдүн бөксө жерин толтурам,
Ак таң менен сөзсүз барып алдына,
Атакелеп ардак менен кол сунам.

Дале чыйрак карган чакта басыгың,
Кымбат мага кыттай куйган акылың.
Урпагыңды жеткирем деп бакытка,
Жолду бастың, миң-миллион чакырым.

Күндө карап бырыш баскан бетиңе,
Баскан жолуң түшөт аста эсиме.
Мен баратам бул өмүрдүн күзүнө,
А сен болсоң батар күндүн кечине.

Кутулбаспыз бу жалгандан, армандан,
Болгон жан жок тирүүлүктө калган жан.
О, атаке кадырыңа жеттимби?
Бак-таалайды таптың бекен балдардан?

## ОЙ ТОЛГОО

Мен өзүмдү кээде сындап, жемелеп,
Ойлор эзет сезимдерди желелеп.
Өз алдымча сапар тарткан өңдөнөм,
Жан дүйнөмө кирип алып керемет.

О, бийикте учкан тоонун кушундай,
Ойлор келет, ойлор кетет ушундай.
Бирде жаркып жайнап турган жаз болом,
Бирде көөнүм боздойт тоонун кышындай.

Бирде батсам куунап шаттык жыргалга,
Бирде башым туш болгонсуйт кууралга.
Бирде жетип, бирде жетпейт марага,
Ооздук чайнап, жер чапчыган буудан да.

Ой-толгоомдун өзөгүсүң кең мекен,
Тынчым кетет күнү-түнү сен десем.
Калем кармап жүргөнүмдөн не пайда,
Келбетиңди ырга тартып бербесем!

## ГАЗЛИ ШААРЫ

Газли жакта жер титиреп, алаамат,
Адам өлүп... коз жаш акты салышып,
Эл кайгысы титиретип денемди –
Менин дагы жүрөгүмдү жарылып.

Табийгаттын кырсыгы көп кыясы,
Чымчыктын да бузулбасын уясы,
Жер титиреп, эл чайпалды дегенде,
Калемимдин кургай түштү сыясы.

Газли, Газли, кыздай корком сулуу шаар,
Элиң мээрбан, эмгегинен тапкан баар
Көп кырсыкка кабылганың эстесем,
Куштай учуп бир заматта жетким бар...

## МЕНИН ПОЭЗИЯМ

Кайсы учурда, кайсы шартта келбегин,
Мени бийлеп күүгө салдың, термедиң.
Элге арзырлык, калкым сүйгөн белекти,
Мен тартуулап Ата-Журтка бербедим...

Кереметиң жан-дүйнөмдү терметип,
Азабыңды тартам кээде тер кетип.
Жалгыз калам, жалгыз калам кээде мен –
Ойлор таштап, ордуң таппай сен кетип.

Сен келесиң кээде сулуу кыз менен,
Жүрөгүмдү алоолонтуп тыз деген.
Кандай жакшы куштай учуп көкөлөп,
Жашап жүрүү канат каккан ыр менен!

Жарашасың күлкүсүнө балдардын,
Жарашасың маанайына жалжалдын.
Кандай арман, ээн талаадай куудурап.
Сезим кургап ыр жаза албай калган күн?

Жүрөк ырдайт, мекен деген, эл деген,
Ойлор келет, саптар келет келбеген..
Үмүт берип эртеңиме, жаңы ырга,
Дайым мени термегениң термеген!

## НӨШКӨН КЫШТАГЫ

(Масы өрөөнү)

Нарын жээги, Бүргөндүнүн Нөшкөнү,
Кандай сүйкүм жаз айынын көктөмү,
Көз кубанат өрөөнүндө ак пахта,
Адырында коон-дарбыз өскөнү.

Айлың көркөм жашыл чапан жамынып,
Ар жагында Нарын дайра чамынып,
Мажүрүм тал жаш сулуудай ийилет,
Булбул үнү музыкадай агылып.

Жайыгыңдан согот майин шамалың,
Жайнап турат гүлзар болуп жамалың.
Дыйкан журту тыным билбейт, бел чечпейт –
Өсүмдүктүн карап ар бир сабагын.

Айырмаң жок кереметтүү сүрөттөн,
Айланаңда мөмө-жемиш гүл өскөн.
Оргуп чыккан булактарың сыяктуу,
Оргуп агат ыр булагы жүрөктөн.

## НЕБЕРЕ

Келди жарык дүйнөгө,
Небереси Темирдин.
Өз уулунан артыкча,
Жүзү жылуу келиндин.

Чоң атасы үңүлүп,
Бетин ачып эргиди.
"Тердептир" –деп сүйүнүп,
Колу менен желпиди.

Чоң энеси чочулайт:
"Сайгылайт –деп, - мурутуң".
Жактырбады анча эле,
Мээрим төгүп турушун.

Бакыт конду тууруна,
Кубат кирди муунуна.
Ал ыраазы бапырап,
Келин менен уулуна!

## ИСФАРА ШААРЫНДА

Жылда барам тажиктердин шаарына,
Чайханада салам айтам баарына.
Алик алып: “Куш келипсиң, меймин” – деп,
Чакырышат дасторкондо шимына.

Кеп-сандыктын ачып салып чачкамын,
Жай олтуруп эл пейилин мактадым.
Кечээ күнкү тентек кыял бүгүн жок,
Биримдикти данктай турган чактымын.

Ана, кетти... музыка да төгүлүп,
Алга чыкты бийчи кыз да бөлүнүп.
Ийик болуп, чимирилип, ийилип,
Желге ийилген жоогазындай көрүнүп!..

Атаганат болсо гана жаш кезим,
Алакан чаап, арман кыла, “ах!” – дедим.
Ала качып айперидей сулууну,
Тосоор беле кут оронгон Баткеним?...

Мен ыраазы пейлиңерге коңшулар,
Силерсиңер кыйын кезде кол сунар.
Келечекке ынтымакта бет алсак –
Алдыбызда бак-таалайлуу жол турар!

## КЫРГЫЗ КЫЗЫ

Кыргыз кызы ийилбеген – ак болот,
Канжар сындуу өткүр сөздүү так болот.
Антка бекем сырын каткан жүрөккө –
Ак сүйүүгө сергек болот, сак болот.

Жакшылыкка жол ачсам деп дитинен,
Кыргыз кызы сынап турат ичинен.
Уяңдыкты, назиктикти бек сактайт,
Ыйбаа кылып улгайыңкы кишиден.

Кыргыз кызы өткүр сөздүү, от келет,
Кылык менен кишендеген, шок келет.
Кармай алсаң, кыйындыкка чыдасаң,
Сүйүү деген алоологон от берет!

Кыргыз кызы махабатка эр жүрөк,
Көп жигиттер батына албай тек жүрөт.
Жаштайынан чалынган да торуна,
Ырлар жазгам далай-далай элжиреп!

**АКЫНДЫН ЖҮРӨГҮ**

Жаш баладай чарчоо ойлор келеби, эй,
Акын кээде жаш балалуу энедей.
Сүзгүсү бар деңизинде кыялдын,
Бороондорду тоготпогон кемедей.

Акын жашайт барктап, баалап, кыялын,
Ичер суусу, көрөр күнү — ыры анын.
Түн күзөтөт, ыр бешигин терметет,
Эл өчүрсө өчүрбөстөн чырагын!

## АРСТАНБАП ЖАНА МЕН

Жаратылыш берген тура белектеп,
Жан-жаныбар адам үчүн керек деп,
Байлыгың бар кылымдарда түгөнгүс,
Ал жөнүндө айта берсе бөлөк кеп!

Келип сага тизе бүгүп сыйынып,
Кетпей жүрдүм кош айтышып кыйылып.
Ырга айланды кереметтүү сулуулук,
Ырды сүйгөн жүрөгүмө жыйылып.

Кел берилеп кайың талың ыргалды,
Сенден таптым ырахатты, жыргалды.
Катар турган жангак, мисте, дарактар,
Уккансышат мен окуган ырларды.

Тээ бийикте мөңгү жалт-жулт жаркырап,
Төмөнүрөөк шаркыратма шаркырап.
Бул дүнүйө бейиш болуп туюлат,
Күн шооласы төгүлөөрдө таңкы убак.

Жаратылыш берген тура белектеп.
Жан-жаныбар адам үчүн керек деп.
Байлыгың бар кылымдарда түгөнгүс –
Ал жөнүндө айта берсе ...бөлөк кеп!...

## ТАБИЙГАТ

(Ж. Айдаровго)

Табийгат – көзүм ачкан арашаным,
Тагдырда сенден көптү талашамын.
Койнуңа сүңгүп кирип эмгек менен,
Өзүмө керектүүнү талашамын!

Тоолоруң толтолонуп жүрөк болот,
Мөңгүлөр мага кубат, мүрөк болот.
Арчалар өңү өчпөгөн өмүр болуп,
Аскалар таянаарым, тирек болот.

Жылдызың жаркыраган көзүм болот,
Булбулуң ыр кайрыгым, сөзүм болот.
Түшүмдүү, өрүкзарлуу кең курагым,
Дем алып кыртышыңда мен турамын.

Табийгат – көзүм ачкан берешеним,
Кенисиң – барчылыктын, берекенин.
Өзүңдөн керегимди алсам канча,
Миң эсе андан артык берешемин!

## РАВАТЫМ

Денемде дүргүп турган рахатың,
Тууган жер, өнүп-өскөн Раватым.
Канымда өзүң берген эргүү, толкуу –
Жарашпас ыр сабына курабашым!

Тууган жер тоолук элим мекендеген,
Карыткан кылымдарды эчендеген.
Бабалар бизге апкелип мурастарды,
Тилек бар мен да мурас этем деген.

Айланам тоодон аккан булагыңа,
Айланам бетегелүү тулаңыңа.
Түгөнгүс ырга айланып Раватым,
Шыбырап жаткансыйсың кулагыма.

## ЫШКЫ

Үйүмдө түн ичинде күйүп чырак,
Токтолбос кыялымдан акыл сурап,
Кетипмин калем алып, кагаз алып,
Ышкымдын тулпарына минип ыраак!

Ошол түн түйшүктүү түн ыр издеген,
Ойлордун тереңинен сыр издеген,
Акынды чарчады деп аябаган,
Нурданат чыккан күндүн нуру менен!

Чырагы акын жандын калса күйбөй,
Эшигин кага көрбө билип-билбей,
Ышкысыз калган сезим – балыксыз көл,
Айы жок, жылдызы жок кара түндөй.

## КАЛАМЫМА

Бактылуумун колумда каламыма,
Ылаачын-ой, ыр түшсө барагыма.
Али табийгат жол берсе койнун ачып,
Алдымдагы максатым, талабыма

Адабият айдыңын араладык.
Азап-тозок, кайгысын карабадык
Сен түгөнүп кээ күнү сыяң куруп,
Мен түгөнүп бир мезгил калам азып!

Серпил сезим кана эми бүлөп дилди,
Дарыясы эргүүнүн күчөп кирди.
Тирүүлүктү даңктайлы сен экөөбүз,
Кыргыз элим ыр жандуу күтөт бизди!

## ТАЛАНТ

(Чоң энем Каныштын насаатынан)

Эмнелерди чиймелейт деп бу кайдан,
Кутула албай келесинби убайдан?
Талант деген тартуу тура Жогортон,
Талант деген тартуу тура Кудайдан!

Ошон үчүн чарчабадым, талбадым,
Ырга айланып кубанычым, арманым.
Талант деген көрүнгөнгө энчи эмес,
Талант деген берешеси Алланын!

Менин ырым тоолорумдун дайрасы,
Менин ырым сан гүлдөрдүн жайнашы.
Ким бирөөнүн дил суусунун кандырып,
Эртеби кеч элге тиер пайдасы.

Кээде кезип көр оокаттын артынан,
Суусуз калган өзөн өңдүү тартылам.
Ырсыз өмүр өмүр эмес акынга,
Уяламын үмүт күткөн калкымдан!

Алган болсом Жараткандын белегин,
Аябастан канды-жанды мен эмин.
Ырдан курап Ата-Журттун элесин –
Ырды сүйгөн элге берер кезегим!

## ТУУГАНДЫК

(Бир туугандарга)

Мээримдүү кичүүлөргө чоңдорубуз,
Окшошот дене, түспөл, бойлорубуз.
Окшошот баары, баары, бирок чиркин.
Окшошпойт ички дүйнө ойлорубуз

Ынтымак ырашкердик болжолубуз,
Кол сунат арттагыга озгонубуз.
Окшошот баары, баары, бирок чиркин,
Окшошпойт биздин баскан жолдорубуз!

Окшошот тулкубуз да турпатыбыз,
Себеби – бир атанын урпагыбыз.
Бир тукум, бир уядан чыксак дагы,
Турмушта бийик, төмөн учканыбыз!

## АКЫН ТАРЖЫМАЛЫ

Улук кичик болбосоң,
Улуулугуң билинбейт.
Сыпай, сылык болбосоң,
Сулуулугуң билинбейт.

Бакылдыгың болгон соң,
Асылдыгың билинбейт.
Тайкылыгың болгон соң,
Акындыгың билинбейт.

Бечелдигиң билген соң,
Чечендигиң эл укпайт,
Пейлиң жакса калкыңа,
Бекинсең да унутпайт.

Марттык кыла билбесең,
Бай болсоң да эл укпайт.
Караңгыда көз тапсаң,
Жай болсоң да улуктайт.

Убадага бош болсоң,
Улуу кичүү сыр айтпайт.
Алдап жүрсөң өмүрдө,
Алганың да чын айтпайт.

Даанышман болсоң даана бол,
Бел туткан элиң сүйүнсүн.
Нар кески сындуу курч болсоң,
Наалыган душман күйүнсүн

Ант менен шертке бек болуп,
Чыкпасын эки сөздөрүң.
Эмгегин талдап биле жүр,
Элиңдин жана өзгөнүн.

Ичинде жылан сойлосо,
Айыкпас жаман кеселдик.
Жаралып ушул дүйнөгө,
Айтсаңчы досум не келдик?

## БҮРКҮТ

(Эл азаматтарына)

Капырай, бүркүт дагы карып эми,
Качырып жоого кирбей калып эми.
Көөдөнүн борошого тосуп коюп,
Ал деле бир байкуш куш анык эми!

Бир кезде кан чыгарып салаасынан,
От чачып көздөрүнүн арасынан.
Атылып душманына кол салчу эле,
Күркүрөгөн үн чыгарып канатынан.

Карышкыр, сүлөөсүндү бөкторгонун,
Калдайган улуу тоодон көп коргомун.
Өзү да эстегендей таңшып алат
Өрт өңдүү бир өмүрдү өткөргөнүн.

Кумарды кандырчу эле аңга салсаң,
Мына эми туурдан түшүп... тайтаң, тайтаң.
Тумшугун ташка бүлөп көктү карайт.
Көзүнөн жаштык учуп мезгил кайткан.

## МАШТАЙ КУДАЕВГЕ

Тааныдым билбей, сурашпай.
Жолукпай, тоспой сыр ачпай.
Ырларың акты жүрөккө,
Тоолордон аккан булактай!

Илхамды сунуп илхамың,
Жаралып далай ыр сабым.
Кыялды ээрчип канатчан,
Баладай келди чуркагым!

Сезимиң ысык жигердүү,
Ырларың – сүрөт-килемби?
Баткенди сендей жазбасам,
Кавказдын баркын билемби?

Болсо да алыс арабыз,
Маштайдай улуу агабыз.
Тарбия алып өзүңдөн,
Мекенди ырга салабыз!

## КЕЧ УРУНДУМ

Бош өткөн күндөрүмө кайгырамын,
Боз туман туңгуюк жол алды жагым.
Эртеңге үмүт менен карасам да,
Чарчады, ташыркады...аргымагым.

Сенделбей куруп кал деп кейиген кеп,
Сезимди аткан октой тешип өтөт.
Өмүрүм орто жаштан ооганда чын,
Поэзия журтуна тиктим көчөт...

Илхамың жаш өлчөмүн сурабады,
Себеби кызыктырбайт курак аны
Бегимай, Райымалы сүйүшкөндөй,
Сүйдүм мен жалгыз сени ыр ааламы!

Жалындайм жаштыгымдан кайткан менен,
Ким угат куса-дартты айткан менен.
Учсам ээ түштөгүдөй ыр ааламда
Учсам ээ бала кыял асман менен.

Мезгилди чүкө кылып калчадым мен,
Калчады ал да мени байкадым мен.
Эртеңге үмүт менен карасам да,
Кыйналдым. Максат алыс. Чарчадым мен!

Мен бүгүн максат, ойго шашканымда,
Жүргөнсүйм он сегизде, жаш чагымда.
Көөдөндө түрсүл кагып байкуш жүрөк,
Жарк этет жаркын сапгар жазганымда!

Түрүнүп кирем ишке азаматтай,
Түйшөлдүм бош кыялга аралашпай.
Баш багат күлмүң этип көзүн кыскан,
Ойлорум мөлтүр бышкан карагаттай.

Көөдөндө күйүп үмүт күчөп намыс,
Арылап аргымактай сызам алыс.
Бул жашоо – бүтпөй турган дайым күрөш.
Бул жашоо – бүтпөй турган дайым жарыш!

Суутуп узак чапчу күлүктөрдөй,
Эргенден коём кантип үмүттөнбөй.
Мекенди жылытам деп ойлой көрбө,
Бир ирет жалын чачып күйүп көрбөй!

## ДОСУМ АТАКУЛГА

О, жан досум, асыл досум, курдашым,
Аманаттыр бу жалганга бир башым.
Баары калат, баары калат артыңда,
Адам канча дүйнө-мүлктү жыйбасын.

Тирүүлүктө көңүл [illegible],
Урмат-сыйды [illegible],
Бирдей турбайт өмүр [illegible],
Жаштыктын да [illegible].

Гүл доорунда [illegible],
Мекеним деп [illegible],
Атакул деп [illegible],
Көңүлүндө [illegible].

Ашын отун [illegible],
Дале тыңдап [illegible],
Мекеним деп, эл-жерим деп [illegible],
Өзү бакыт [illegible].

Кечи досум, асыл досум, курдашым,
Аманаттыр бу жалганга бир башым.
Баары калат, баары калат артыңда,
Адам канча атак-даңкты жыйбасын.

## ДОСТОР КЕЛЕТ САГЫНГАНДА

Ырларга бергим келет түнөгүмдү,
Ырларга бергим келет жүрөгүмдү.
Аруу бир ойлор ээлеп үмүтүмдү,
Аруу бир эңсөө ээлеп күдөрүмдү.

Өчпөгөн, алоологон жалын канда,
Сулууну көрбөй дегдеп сагынганда.
Перилер кайда жашайт, жомоктобу?
Перилер жашайт кадим айылдарда.

Ыр менен сулуулардын ортосунда,
Ыйык жип, ал жип жүрөк толтосунда.
Ошону үзбөйүн деп өмүр бою,
Келебин жыйган сайын коркосун да.

Турса да мөлтүрөгөн жарың жанда,
Бир нерсе жетишпестей барың барда.
Сырдашып жазалычы көңүл черин,
О достор келгилечи сагынганда.

## ЖАҢЫ КЕЛИН

Баарында уул да бар, келин да бар,
Уул үйлөп, үй көтөрмөр дегени да бар.
Дал ошо көңүлүңкөн эң жакшысын,
Бирөөсү келечектин өзүн табар.

Табылгыс, кайталангыс бирөө деген,
Жаркыраган жаш жигитке жакшы келин.
Коштосо ал жолун нурлуу сүйүү,
Коштосо өмүр бою анын сыйы!

Ата-энеге ийилип жүгүнүшү,
Терең урмат чоң сый табу күнүнү,
Акыл-эстүү жан болсо ошол келин,
Уланганы жашоонун үзүлбөсү.

Бакыттын атын турган ошол дешет,
Үйгө кут келген дешет жаңы келин.
Жашоого нур аткан бир өнөрчө,
Өмүрдүн гүл дилирүү жаңы деген.

# СОХ ДАЙРАНЫН ЧАРДАГЫ

Аба жарып, кайкып учуп чардагым,
Жарышасың тоодон аккан жел менен
Экөөбүздө бир окшоштук бар дагын.
Сага талант, мага канат бербеген.

Ак жал тарткан суу үстүнө суналдым
Көңүл кирин кошо жууп кетирип.
Күн чагылган канатыңдан ыр алдым,
Кайра жанбас кыл аркандай эшилип.

Мастыгыңбы, жаштыгыңбы ак чардак,
Ак толкунга атаандашып сүзөсүң.
Жакындаса өмүр күнү бүткөн жак,
Канатыңдын талыганын билесиң!

Өзүңдү ая, алтын канат ак кушум,
Күз келгенде күчтөн таят Сох дайра.
Эч ким кармап кала албаган бактысын
Кайра жанбас жаштык деген от кайра!

## МЕН

Бу жалганда чүнчүбөдүм, чөкпөдүм,
Көтөрүлүп көөдөн кагып көппөдүм.
Ата-Журт деп башты сайып жанымын,
Ата-Журттун деми менен көктөдүм.

Бассам-турсам кеңеш салып өзүмө,
От жаккамын туулган жер деп көөнүмө.
Кайда барсам анын кетип өчүрбөй,
Нур элесин тартып алып көзүмө.

Турмуш – дайра токтолбогон шары бар.
Кыйыны бар, жеңили бар, баары бар.
Ак жолумдан эгер [illegible] жаңылсам,
Оңдоп-түзөп коёрсуңар баарыңар.

Кара чачым агарса да бүрүлүп,
Араңарда атым турсун угулуп.
Мен чынында эки өмүрдү жашаймын,
Ырга айланып колуңарга сунулуп.

Жаш куракта жашап чыккан кезимде,
Калдым бекен элесиңде, эсиңде.
Ырга айланып ысымым жүрөр аталып,
Китептердин, гезиттердин бетинде...

## КОРОТПОПСУҢ

Жаш чагыңдай жайнап турат жамалың,
Өчүрбөпсүң эки беттин анарын.
От-жалынга түшүп кайра алоолоп,
О, жаным ай, кандай айла табамын?

Жаш баладай эркелейсиң муңайым,
Гүл өңдөнүп ачылыптыр чырайың.
Коротпопсуң жаштыгыңдын ак нурун,
О, жаным ай, эми эмне кылайын?

Ысык мээриң ыйманымды жылытты,
Ыйбаа сөзүң дарманымды курутту.
Дене-боюң тартып барат багынтып
О, жаным ай, билбейм эмне кылышты?...

Кайра ачылды айыкканда карт эми,
Кайра келди сүйүү деген дарт эми.
Эмне болот эки бөлөк тагдырлар,
О, жаным ай, кандай болот шарт эми?

# МЕЗГИЛ-КУРАК

Окулбас каттай ырларым жатат баракта,
Шалдайып турам чапкандай бирөө канатка.
Санаага салып салага неге жолуктуң
Адашып жүрдүң, адашып жүрдүң каякта?

Азабым менин айтылбай бүтпөс арманым.
Күйгүзүп мыкча отуна кактап кармадың.
Ыдырап турам согулуп түшүп санаадан,
Далдалым чыгып, далдалым чыгып далдалым...

Кечээ эле жаштык болду эле биздеги көчкөндөй,
Жоготуп ийгем ойнуңду сездим... көз көрбөй.
Ай толгон сымал толукшуп турчу экенсиң,
Жамалың дале жылдырап гүлдүү көктөмдөй...

Жөлөдүң аста жүрөккө тийген башыңды,
Жүрөгүм кагат атыңды атап, атыңды.
Кайрылып сага махабат отун мен эми,
Тамыздым аста, тамыздым аста жанымды.

## КЕЧ КАЛЫПМЫН

Алоолонуп күйгөн менен ырымда,
Болгон менен эл-журтумдун сынында.
Боздосом да боз торгойдой үн салып,
Махабаттан кеч калыпмын чынында.

Жаш ойдолөп көп нерседен карманам,
Мезгил агып зуулдаганга таңданам.
Апыл-тапыл алоологон кез өтүп,
Махабаттан кеч калганга арданам...

Жаштык-жаштык өз ордунда турбаптыр,
Мезгил аны менден эбак уурдаптыр.
Жалын кезим эбак эле кыр ашып,
Жашоо гана өз ордунан жылбаптыр...

Учсун мезгил аргымагын камчылап,
Арман жашым аксын мейли тамчылап.
Жаштыгымдын, махабаттын жылдызы,
Жанып турсун маңдайымда жаркырап!

## КУШТАР КЕЛЕТ ТУУГАН ЖЕРДИ САГЫНЫП...

Тоолор турат ак кар көк муз жамынып,
Түзөң жатат жашыл килем салынып.
Арып-талып алыс жактан үн салып,
Куштар келет тууган жерди сагынып...

Ой толготуп бошоно албай санаамдан,
Турган чакта жардам болбой калымдан.
Арзуу айтып, арман айтып жаткансып,
Куштар келет бир билбеген шаарымдан.

От дүрт этет сезимимде кубанып,
Жашоо шаңы, бу тирүүлүк уланып
Тууган жердин ыйыктыгын даңктаган,
Куштар келет моңчок өңдүү чубалып...

Тоого чыгам ой учугун таба албай,
Учкум келип мен да куштай, шамалдай.
Куштар деле сүйөт тууган мекенди,
Куштар деле сүйүп жерин аламдай!

## БААРЛАШАЛЫ

Ичиркенем бүткүл денем талыкшып,
Кара түнгө курчалгандай жарыктык.
Неге мени сагындырдың жан досум,
Келчи, келчи чек болбосо алыстык...

Аруу достук ортобузда турса да,
Адашкандай батып келем кусага.
Алоологон өрттөй күйгөн шок элең,
Ар бир сөзүң дал тийгендей бутага.

Мага дем го өзү аман барындын,
Бу турмуштун эмнесине багындың.
Жол каратпай, көп күттүрбөй жан досум.
Келип кетчи, келип кетчи, сагындым...

Баарлашалы көңүл сырын төгөлү,
Мени сендей түшүнө албас бөлөгү.
Болсо гана сен сыяктуу ар кимдин,
Жандай көргөн асыл досу-өнөгү!

## ОРТОБОЗ

Жазгандай кайталангыс ырды калам,
Уккандай комуз күүсүн шыңгыраган.
Уккум бар арыктарда күүсүн чалган.
Уккум бар тоонун суусун шылдыраган...

Акындын тагдыры бар эли менен,
Ал жазат эл журтунун деми менен.
Оюма кайда болсом сен түшөсүң,
Ортобоз, тагдырлашмын сени менен.

Тууган жер бейиштейсиң эрте менен,
Боз торгой сыяктангын эркең элем.
Тилегим ар качандан бир качанга,
Сага суу, маган эргүү келсе дегем.

Суктанам гүлзар болгон көркүңө мен,
Алоолон илхам эргүү өргүнө мен.
Көрүнчү кыргызыма сулуулугун,
Эр жигит көрүнгөндөй бөркү менен!

## ӨЗҮМӨ

Неге тынчып буулугасың муңайып,
Башты катып жуурканыңа сулайып.
Бир бечара карыпсыңбы оорулуу.
Чоң күрөштө жеңе албасаң бул айып!

Ойлор келет, ойлор келет ар кандай,
Гуюласың туңгуюкта калгандай.
Кайнар булак соолуганбы көөдөндө.
Кара булут кабагыңды чалгандай...

Жылдар, айлар сызган сайын арылай,
Кимдер калат он сегизде карыбай.
Ар бир кеткен арманы бар жаз үчүн.
Ар бир жаздын келмеги бар дарыдай!

Тургун өйдө, ойдон бошон түңүлткөн,
Жан дүйнөңдү жан болбосун бүлүнткөн.
Эрке желге бетти тос да алга жүр
Эртеңкиден, келечектен үмүттөн!

## КЫРГЫЗДАР

Ак-караны ылгаган аяр жаныбыз,
Акыл менен нуска таапканыбыз
Нар кескендей ар дайым түз сүйлөгөн,
Ар-намыска акындар жаралганыбыз...

Кыргыздарды кыргыздар бөлбөш керек,
Бөлүнгөндүн тилине көнбөш керек.
Кылымдарда кырылбай келген үчүн,
Ынтымагы ыдырап өлбөш керек!

Кыргыздарды кыргыздар коргош керек,
Кылча дагы арамдык болбош керек.
Ойлобосо кем акыл ойлобосун,
Эртеңибиз не болот ойлош керек!

Жалгыз болбой ар ишти колдош керек,
Мансап, бийлик талашын коюш керек.
Келечекке жол салып урпак үчүн,
Терең жайып тамырды коктош керек!

## АКЫН

Ким экен деп таң калба да, караба,
Окшобостур ар бир аткан таң ага.
Ойлор менен күндөп-түндөп алышмай,
Батып жүрөт ар дайым ал санаага...

Тең бөлүшөт адамдардын кайгысын,
Бай болсо дейт кембагалын, жардысын.
Өз башынын жыргалына кам урбайт,
Жан үрөбөйт оокат жыйнап карды үчүн!

Умтулбайт ал байлык үчүн мүлк үчүн,
Тыным албайт күндүз тургай, түнкүсүн.
Уккусу бар ар дайыма ый эмес,
Наристенин балдай таттуу күлкүсүн.

Көргүсү жок капилетин кырсыктын.
Уккусу жок атылышын мылтыктын.
Балапаны оозун ачып чыйылдап,
Бузулбасын уясы да чымчыктын...

# МЕН САГА ЖОЛУГАМ

Сен суктанба жаш жигит тагдырыма,
Акындык жол берилбес баардыгына.
Бүгүн түнү түйшөлүп таң атырдым,
Актай бойдон барагым калды мына...

Азгырмалуу ойлорго алдансам да,
Ырсыз калган түнүмө ардансам да.
Жаркын саптын келерин билем бир күн,
Эргүү келбей токтолуп жай калсам да.

Өрөпкүткөн эргүүнү күтөөр чакта,
Өрүкзардын келбети түшөөр сапка.
Көздөп жүргөн сезимдин деми менен,
Эрип кетээр көңүлдө жаткан дат да...

Ыр изденүү бактысы, шору дагын,
Тайгак, татаал, эрме чол жолу дагын.
Эргүү келсе толкуган деңиз болуп,
Мына ошолор мага дос жолугамын.

## ЖАШТЫК

Оттуу көз ирмелбей ышкылуу карады,
Денемди өрттөдү ичелек шарабы.
Жылт койду жылдыздай дүйнөмдү дүргүтүп,
Жаш сулуу перидей жанагы, жанагы...

Айлуу түн, өрүкзар, четинде селкинчек,
Чакырат жаштарды ыр чыгып келсин деп.,
Бакыттын ачкычын табышаар мындайда,
Айтышаар ашыктар сөз бекип шертин бек.

Жаштыкта алоолоп өрттөнгөн от болгун,
Жанарың жаркылдап шок болгун, шок болгун.
Ышкыра боз бала чакырат ашыгын,
Шырт этет акырын эшиги коргондун...

Чыккыла оо жаштар сүйүүнүн тоосуна,
Корсунуп коркпостон ушакчы-жоосуна
Антпесе бийикке кол жетпес, кол жетпес,
Бакыттын ак кушу, ак куштун боосуна!

## ЖАШТАРДЫН СУРООСУ

Жолуккан учурларда ынак карап,
Жаш балдар кээде менден сурап калат:
"Сиз дагы биз сыяктуу болгонсузбу?
Суроосу сезимиме чырак жагат.

Туулгандан олгончокту арылыктан,
Ким баспайт, кимдер отпойт балалыктан.
Жолугуу балалыкка зор керемет,
Алыстоо аруулапын тазалыктын.

Балалык үлбүрогон гүл мисалы,
Жаздагы мээрим токкон күн мисалы.
Бооруна тартса кана атаганат,
Кайрылып балдоорондун нур кучагы!?

Аттиң-ов, алтын омүр кайта инбайт,
Балалык – очкон шамдай кайта жанбайт.
Мен эмес миң сыйкырчы болсо дагы,
Ал доорду кайтара албайт, кайтара албайт!...

## УЙ КАЙТАРУУ КЕЗЕГИ

(Тамаша)

Чарба деген чатактуу иш береги,
Иш кылбасаң бирөө насип береби?
Көчө толду үндөр чыгып мөөрөгөн,
Келген эле уй кайтаруу кезеги...

Таяк алып чыктым баарын айдап бат,
Уйда адат тоотмоксон жай басмак.
Күн төбөгө көтөрүлө бергенде,
Түш тарапка качмагы бар сайгактап...

Уйлар, уйлар тоо таяна жайылды,
Дакең далай астын тосуп кайырды.
Көрдүң беле оо замандаш сен өзү,
Акынына уй кайтарткан айылды?

Керек уйдун сүтү жана тезеги,
Уй бакпасаң аны бирөө береби?
Башкаларга жүз айлансын, Дакеңе
Келбесе экен уй кайтаруу кезеги...

## ОКУРМАН

Билбесең да, корбосоң да сүротүн,
Чыгармасын дайым окуп жүросүң.
Дакең болсо жарасам деп керекке,
Арнап койгон эл-жер үчүн бир озүн.

Отуз, кырк жаш, элүүдо да эмесмин,
Алтымыштын эбак ашкам белесин.
Көргүң келсе акындардын дидарын,
Боолголоп ырдан изде элесин.

Жакшы менен жаманыма күбосүн.
Жанга кубат кыйындыкта сүрошүң.
Окурманым, акынына дилиң ак,
Сен билесиң дайым бүтпос күрошүн!...

Бүлбүл шамды очүрбойлү далдалап,
Аруулукту булгабайлы кармалап.
Окурманым, ой-тилегим, максатым,
Жазгандарым сага гана арналат!

# БИШКЕККЕ АТТАНГАН ДОСУМА КАТ

## Биринчи кат

Жакшы бар борбор калаам Бишкегиме,
Жараткан колдоо берсин иштериңе.
Ата-Журт ардактасын атың чыгып,
Гүл өнсүн сенин баскан издериңе...

Салам айт мени билип, тааныганга,
Сүйүнбай, Сооронбайдай карыларга.
Өрт болуп жанып турган, күйүп турган,
Жаш акын атын алган жаңыларга...

Шүгүр де, Дакең экен саламат де,
Чачына ак кириптир аралап де.
Ата-Журту ишенсе акынына,
Ата-Журтка акыны таянат де!

Замандын алдейлебейт бешиги де,
Таалайдын ачыла элек эшиги де.
Дакебиз күйүп турган эл-жерим деп,
Чындыктын чыркыраган жетими де!

**Экинчи кат**

Билдирип эсен-соолук, аманымды,
Айта бар аруу-тилек саламымды.
Мен болсо тууган жерди кыйбай келем,
Айылымда жорголотуп каламымды.

Өзгөрүп кеткен менен заман түрү,
Дакеңиз дале демдүү аман жүрү.
Боройлоп бороон согуп, кыян жүрүп,
Кеткендей миң кыялдуу жазар күнү.

Калганча сөздөн калып тил байланып,
Бул дүйнөң караң калгыр түнгө айланып.
Өтөт де ыр деп, суу деп бул дүйнодон,
Ортобоз кеткенчекти гүлгө айланып...

## БИЛДИРЧИ АКЫН ИНИМ КАБАРЫҢДЫ

Б. Жекенбайга

Бүркүт учуп тоолордо уялаган,
Кайберендер төрүндө кыялаган.
Алтын-Бешик, Кара-Тоо ортосунда,
Агаң Даабек ак кагаз сыялаган...

Ай тийген тоо арасын көрктөндүрүп,
Аруулук тартууласа көктөм күлүп.
Агаңды эстейсиңби акын иним,
Насиптеш болду эле деп көптөн билип.

Айтылуу Алайкуунун кулунусуң,
Мен таанып, билгендердин тунугусуң.
Бишкекке тамыр жаюу кыйын дешет,
Бүттүбү салган тамың – курулушуң?...

Жайдыңбы жан досторго кулачыңды,
Акындыкка бердиңби кубатыңды.
Адабият айдыны алыс сапар –
Же даай албай абдаарып турасыңбы?

Бөлөйүн керек болсо азабыңды,
Баспасын кара туман кабагыңды.
Кат жазып ал сурашып көңүл үчүн,
Билдирчи акын иним кабарыңды!

## ЭСКИ МЕКТЕП

Окугам бул мектепте сиперге окшоп,
Олтурам балалыкты бүгүн жоктоп.
Апалар кош айдашып, кырман жанчкан,
Кара кагаз какшатып, ыйлап, боздоп...

Китептерге төгүлүп сыя челек,
Бутка суук өткөндө ыйлайт элек.
Жарты нанды баштыкка сала келип,
Сабак билбей агайды кыйнайт элек...

Түк эсимден чыкпаснең эски мектеп,
Окуучулар максатып кетти беттеп.
Музейлерге коёлу сүрөтүңдү,
Кийинки муун урпактар жүрсүн эстеп!

Бусур агай окутчу, бирде мактап,
Ачууланып кээ бирде тилден какшап.
Ар бирибиз умтулуп келечекке,
Аруу болчу алдыга койгон максат!

Өткөндөрдүн элеси күндөй кечтен,
Аны унутуп тез эле билбей кетебек.
Тарых бизди кечирбес, түк кечирбес,
Заман оошуп турсак гүлдөй коктон!

## АКЫНЫМЫН УШУЛ ДООР ЗАМАНДЫН...

Мезгилинде бархталбадым аранда,
Оомат келбей талантыма, каламга.
Ырыс оошуп, күтүлбөгөн кут конуп.
О, Жараткан, акын кылдың заманга.

Төп келбедим өткөн доордо таламга,
Адамдар да аз келчү эле саламга.
Оомал-төкмөл ошол кезең өткөн соң,
О, Жараткан, илхам бердиң адамга!

Адам доорду куруп кайра бузганын,
Көрүп, билип көңүл ооруп сыздадым.
Адам үчүн кыйын тура бул кезде,
Аман сактап алып калуу ыйманын.

Мыскыл сүйлөп туугандарым, досторум,
Сөз айткансып жан жыргытаар ох, сонун.
Китебиңе канча аласың дегенге,
Күйүп-күйүп араң барып, токтодум...

Баркын алар кайдан билсин каламдын,
Сөздөн ыйык эмнеси бар адамдын.
Албасам да акча, байлык ырыма,
Акынымын ушул доор, замандын!

## ТАЛАНТ ЖАНА ӨМҮР

Тургунбай Жумага

Бактылуу үйүм бар жанган чырагым,
Багы бар шактаган чачкан бурагын.
Өмүрдү жашадык канча буйруса,
О, урпак сен дагы сапар улагын.

Эмнени самасам таптым элимден,
Кубатты алдым мен куттуу жеримден.
Ыр дүйнө мен үчүн аруу чоң дүйнө,
Мингеним ыр аты алыс элирген!

Досторго, тууганга эшик ачамын,
Үзүрүн көрдүм мен ыйык баганын.
Өмүрү кыска экен чиркин адамдын,
Каниет, ариет, аруу жашадым!

## КЫРМАНДА

Оюндан тажоо билбей бир дагын да,
Рават, чоң сарайдын кырманында
Анархан сен экөөбүз жүрүптүрбүз,
Балалык балдоорондун гүлбагында!

Мезгилге балким бир да эстелбеспиз,
Биз үчүн ал бир учур эстен кеткис.
Ырдасак Эламандын ырын балким,
Азыр да андагыдай термелмекпис!

Эламан казак жигит арманы бар,
Арманын угушту эле андагылар.
Домбура коңур үнгө кошулганда,
Биз эмес көшүп укчу жан-жаныбар.

Сулууга түшпөй койбос назар деги,
Күйөө деп кыз баланын барар жери.
Сен кеттиң.... издеп-издеп таппай калдым,
Көрөөрмүн аман болсоң Анар сени!

Самаймын балалыкты кээде күсөп,
Куш дагы канат талса жерге түшөт.
Анархан сени эстесем эргип кетем,
Балалык балдооронум эске түшөт.

## КЕЛЕРИҢДИ ЭШИТКИН

Кеңий түштү, жаркый түштү ааламым,
Келет десе менин кымбат адамым.
Өксүп жүргөн жетим көңүл кубанып,
Жорголоду ак баракта каламым...

Өмүр бою күтөм сендей жаркынды,
Кадимкидей аман-эсен барсыңбы?
Канча жолу сезим кирип дайрадай,
Канча жолу соолуп акпай тартылды...

Бир өзүңсүң унутпаган, эстеген.
Бир өзүңсүң саман колум жетпеген.
Өзөгүмдө күйүп турган от болдуң,
Өмүр бою өчпөгөн да кетпеген...

Эки жарты бир бүтүнгө айланып,
Тагдырыбыз калса кана байланып.
Берген менен ак сүйүүмдү Жараткан,
Ажыратты арман сунуп кайра алып...

Жолуксак не жүрөк сырын чечишип,
Сенден, менден күнөө кетсе кечишип.
Күтүп жүрөм мурдагыдай жол карап,
О, кара көз келериңди эшиткин.

## ДОСТОР БАР

Бир досум бар издеп жүргөн күнөөмдү,
Бир досум бар эсептешкен үнөмдүү.
Бир досум бар жамандыгым жашырып,
Жакшылыгым ашыра айткан сүрөөндүү.

Бир досум бар көрөт мени өзүндөй,
Бир досум бар бирге жүргөн бөлүнбөй.
Бир досум бар колдо барда бар дагын,
Колдо жокто житип кетет көрүнбөй...

Бир досум бар акыл ою терең, түз,
Бир досум бар берешен март ченемсиз.
Адилет баа бериңизчи баарына,
Адамдыкты баалсаңыз эгер сиз!

# ДААБЕК ДЕП СҮРӨП ТУРГУЛА

Уттурсам уттурдум өмүрүмдү,
Уттурбай келемин көңүлүмдү.
Эмне үчүн марабыз алыста,
Бут жетпес чексиздей көрүндү?

Жеңдирсем жеңдирдим өмүрдү,
Жеңдирбей келемин көңүлдү.
Сен мени желкемден карабай,
Карагын түз карап оңумду.

Күмүш ээр күлүктү таптагам,
Жеңишсиз байгеден кайтпагам.
Чуркасын талыбай, чарчабай,
Алдыга атылып башкадан.

Айталаа айчылык чабышка,
Тапталган күлүгүм намыска.
Даабек деп сүрөөндү салгыла,
Жараармын байгеңди алышка

## БИР ИНИМДИН АЙТКАНЫ

Бетке айткан сөздүн заары жок,
Адамсыз ага, баамы жок.
Сөзүң да бүгүн өтүмсүз,
Тамактай тарткан даамы жок.

Өмүрүң өтүп кеч кирген,
Пальтоңду кара эскирген.
Жеңемби же бул заманбы,
Мүшкүлгө сени жеткирген.

Эртелеп туруп азанда,
Сатасың себет базарда.
Темтеңдеп жүрсөң санда жок,
Ким алмак сени назарга.

Тазараак жүрчү кийинип,
Көзүнө элдин илинип.
Өзүңдү көрүп туугандар,
Үлгү алсын кайра сүйүнүп.

Көңүлдү паска тартпагын,
Ар иштин ойло арт жагын.
Өкүнсөң келбес кайрылып,
Өрүштөн кеткен жаш чагың...

Алтымыш кырын ашканда,
Буйруптур тагдыр жазганга.
Буурул чач болуп чамдагын,
Не жетсин буудан чапканга!

## МЕН

Жакшы го элге-журтка таанытканың,
Карачы, жылдар мени карытканын.
Сен чыккан бийик тоого чыга албастан,
Жалдырап таяк болду жабышканым.

Жакшы эмес бул өмүргө таарынганым,
Жаманга кол куушуруп багынбадым.
Буйруган насибимди терип жедим,
Буйруксуз жаман тишке чалынбадым.

Көздөгөн максатыма арыштадым,
Ары жок айбан менен жарышпадым.
Адамдык ариетти бийик тутуп,
Ак дилдүү адам болду табышканым.

Бакылдын тузагына чалынбадым,
Балына алдамчынын багынбадым.
Бой керген куу чиренге тизе бүгүп,
Бүтүр деп балан ишти жалынбадым.

Башынан дал ушундай жашаптырмын,
Андыктан тазалыкты жазаттырмын.
Ааламга аруу келгем, аруу кетем,
Жараткан жамандыктан азат кылгын!

## ЖАРАШКАНСЫЙТ

Көркүңдү табийгат да талашкансыйт,
Жабылып улуу-кичүү карашкансыйт.
Көйнөгүң, башыңдагы ак жоолугуң,
Өзүңө гүл сыяктуу жарашкансыйт...

Көрөмүн башкаларга кандай ыраа,
Ой жетип, колум жетпейт саамайыңа.
Көздөрүң дүрт эттирип сезимди өрттөөр –
Сен менин жаралгансың таалайыма.

Акырын кулакка айткан шыбыр менен,
Азгырат олоң чачың, жумур денең.
Айлантып орбитаңда турган тартып,
Ак сүйүүдөн бүткөн бир уюл белең!

Ай нуру айбыккансыйт адашкансыйт,
Адамдар аруулугуң аяшкансыйт.
Өмүрдүн дүйнөдөгү жакшылыгы,
Өзүңө жалгыз гана жарашкансыйт!

## ИСХАК РАЗЗАКОВДУН АЙКЕЛИНИН АЧЫЛЫШ АЗЕМИНДЕГИ ЫР

Кыргызымдын ырысына жаралган,
Артык чыккан адам элең адамдан.
Сендей туулбас акылмандык жагынан,
Сендей туулбас бир кылымда аялдан!

Дал өзүнөн өндүң элдик катмардын,
Гүл өнгөндөй боорун тешип таштардын.
Эл деп күйүп өмүрүңдү элге арнап,
Милдетиңди аруу, аздек аткардың...

Көп иш кылдың көтөрүүгө калкыңды,
Калкың өсүп кадыр-баркы артылды.
Бирок аттиң, түшүнбөстөр көп болуп,
Колдо барда барктабадык алтынды...

Кана биз да эл баасына татысак,
Татый албай ич өрттөнүп ачышат.
Убагында барктай албай өзүңдү,
Эми мактап, эми даңктап жатышат...

## КАЙРА КУРУУ

Пир тутунуп бийликтеги кеп эсти,
Кайра куруу – кайра бузуу эмесппи.
Мал-жан кайда, гүлдөп турган бак кайда,
Анын баары өтүп кеткен эмеспи?

Эл дегенбиз мурда да, жер дегенбиз,
Ата-журт деп ак иштеп жердегенбиз.
Акылмандар айткандай ошондогу,
Коммунизм чегине чендегенбиз...

Же нарктуулук, же ыйман азайганбы,
Курган элек карч уруп сабай жанды.
Согуш болуп кан күйүп кеткен сымак,
Талап кеттик талкалап сарайларды.

Эл байлыгын качан биз калкаладык,
Кайра куруу ниетинде талкаладык.
Өсүп турган дарактын күнөөсү не,
Эскиники дедикпи, балталадык.

Кайра куруу жана да эгемендик...
Көсөмдөрдү биз ээрчип келе бердик.
Кайда алпарат саясат – сасык оюн,
Кайда алпарат элге кам жебегендик.

**БАТКЕНИМ**

Ак карлуу тоо, Алтын бешик этеги,
Гүл оронгон бопбоз талаа кечеги.
Жылдан-жылга көз талдырып жасанат,
Куттуу журтум – өрүкзардын мекени.

Кызмат өтөп аруу, адал дил менен,
Жакшы чыксын эл бактысын издеген.
Карапайым сылык болсун ал адам,
Калкың өүдүү карапайым сиз деген!

Байлыгыңдын сан жок дешет эсеби,
Анык анын урпактарга жетээри.
Дүйнө жүзүн дүңгүрөткөн бу күндө,
Баткен жери – таланттардын мекени!

Мейли кыргыз миң бөлүккө талашсын,
Ачылыш көп, ички сырын дагы ачсын.
Улуулукка, аруулукка үндөгөн,
Руху мында айкөл бабам Манастын!

## КЫРГЫЗДЫН СУУСУ КАЙДА АГАТ?

Кыргыздын суусу кайда агат,
Күркүрөп ар кыл сайда агат.
Пайдасын көрбөй өзүбүз,
Кошуна журттар пайда алат.

Көбүгүң турса чачылып,
Көөнүбүз калат ачылып.
Бурулуп башка нук тапсаң,
Ийебиз сени качырып...

Эл-жеримминтип аманда,
Акыйкат болсо заманда.
Бирөөнүн дөөлөт ырысын,
Бирөөлөр жесе жаман да...

Берилбей дөөлөт амалга,
Бек болуу кыйын чамамда...
Өзгөлөр куунап бу күндө,
Өкүнүп турсаң жаман да...

Намыс деп ишке жарачу,
Кыргыздын барбы баласы?
Суусу мол, суусуз элимдин,
Басылат качан санаасы?

## УУЛУМ ЗАЙНИДИНГЕ

Салмактуу, сабырдуусуң жаным балам,
Сыр сактап, жеңил ойго багынбаган.
Кемчилин дароо сезиш жигиттик иш,
Жашоодо адам болбос жаңылбаган.

Бирөөлөр бири-бирин ыйлап-тилдеп,
Жатканы жугуштуудай ырбап илдет.
Мен кандай ата-энени сыйлап келсем,
Сага да дал ошондой сыйлаш милдет.

Бак таптың, уул-кыз таптың алганыңдан,
Сени да сынайт мезгил алга жылган.
Урматтап сыйлай билсең ата-энени,
Сен дагы сый көрөсүң балдарыңдан!

Жан болбос өмүр жолун кайтара алган,
Ой гана өткөндү бүт кайтара алган.
Боор этим, кандан бүткөн садагасы,
Мен сени аруулукка чайкап алгам!

## СЕН БАР ЖЕРДЕ

Сен бар жерде кабак ачык жаркырап,
Сөз дайрасы агып турат шаркырап.
Сен кошулган баардык жамаат бактылуу,
Сезим көккө, көңүл көккө талпынат.

Түшүнүшөт акыл оюу терендер,
Жан экенсиң ырдан бүткөн кеменгер.
Ыйманын жеп байлыкка баш ургандар,
Ырдан башка эмнеси бар дегендер...

Сен бар жерде махабаттын ыры бар,
Сен бар жерде ак шарапттуу чыны бар.
Кадырыңды көтөрөөр же түшүрөөр,
Калың журттун калыс берген сынын ал!

Ырдан бүткөн тагдырыңа кайгырба,
Бул жолуңдан бузулба да тайгылба.
Мүлк-дүйнөдөн мейли мезгил айрысын,
Ырыскылуу ата-журттан айрылба!

## БҮГҮНКҮ КҮНДӨ

Мезгил, мезгил сынаган жаман болсун,
Катаал, татаал муунаган заман болсун.
Акын баарын көтөрөөр майышпастан,
Тилегеним эл журтум аман болсун.

Алла-Таала кем кылбай жарыгынан,
Бак-таалайдын суу агаар арыгынан.
Эл башына акылман уул келсе,
Кутуларбыз муунткан карызынан.

Элдин мүлкүн талоондоп майкандаган,
Эрлер жүрөт эрдемсип кайкаңдаган.
Бизде дагы күнөө бар безге сайып,
Ошолордун бетине айта албаган...

Зар болгон көп кебектүү улпак нанга,
Ыйман эмес иштейбиз курсактарга.
Элди-жерди сатпастан калтыралы,
Эртеңки күн мурастап урпактарга!

## МАЗМУНУ

МЕНИН ҮЙҮМ....................3
САМАРКАНДЕК....................4
КУРБУЛАРГА....................5
О, БАТКЕНИМ....................6
ТӨРТ-КҮЛ КӨЛҮ....................7
ОРТОБОЗ ЫЙЛАЙТ СУУ СУРАП....................8
ТӨРТ-КҮЛ....................11
АТАМА....................12
ОЙ ТОЛГОО....................13
ГАЗЛИ ШААРЫ....................14
МЕНИН ПОЭЗИЯМ....................15
НӨШКӨН КЫШТАГЫ....................16
НЕБЕРЕ....................17
ИСФАРА ШААРЫНДА....................18
КЫРГЫЗ КЫЗЫ....................19
АКЫНДЫН ЖҮРӨГҮ....................20
АРСТАНБАП ЖАНА МЕН....................21
ТАБИЙГАТ....................22
РАВАТЫМ....................23
ЫШКЫ....................24
КАЛАМЫМА....................25
ТАЛАНТ....................26
ТУУГАНДЫК....................27
АКЫН ТАРЖЫМАЛЫ....................28
БҮРКҮТ....................30
МАШТАЙ КУДАЕВГЕ....................31
КЕЧ УРУНДУМ....................32
ДОСУМ АТАКУЛГА....................34
ДОСТОР КЕЛЕТ САГЫНГАНДА....................35
ЖАҢЫ КЕЛИН....................36
СОХ ДАЙРАНЫН ЧАРДАГЫ....................37
МЕН....................38
КОРОТПОПСУҢ....................39
МЕЗГИЛ-КУРАК....................40
КЕЧ КАЛЫПМЫН....................41

КУШТАР КЕЛЕТ ТУУГАН ЖЕРДИ САГЫНЫП................42
БААРЛАШАЛЫ.....................................................................43
ОРТОБОЗ.........................................................................44
ӨЗҮМӨ.............................................................................45
КЫРГЫЗДАР.....................................................................46
АКЫН................................................................................47
МЕН САГА ЖОЛУГАМ.......................................................48
ЖАШТЫК..........................................................................49
ЖАШТАРДЫН СУРООСУ..................................................50
УЙ КАЙТАРУУ КЕЗЕГИ.....................................................51
ОКУРМАН.........................................................................52
БИШКЕККЕ АТТАНГАН ДОСУМА КАТ............................53
БИРИНЧИ КАТ..................................................................53
ЭКИНЧИ КАТ....................................................................54
БИЛДИРЧИ АКЫН ИНИМ КАБАРЫНДЫ.........................55
ЭСКИ МЕКТЕП..................................................................56
АКЫНЫМЫН УШУЛ ДООР ЗАМАНДЫН.........................57
ТАЛАНТ ЖАНА ӨМҮР......................................................58
КЫРМАНДА......................................................................59
КЕЛЕРИНДИ ЭШИТИП.....................................................60
ДОСТОР БАР...................................................................61
ДААБЕК ДЕП СҮРӨП ТУРГУЛА......................................62
БИР ИНИМДИН АЙТКАНЫ.............................................63
МЕН.................................................................................65
ЖАРАШКАНСЫЙТ...........................................................66
ИСХАК РАЗЗАКОВДУН АЙКЕЛИНИН АЧЫЛЫШ
АЗЕМИНДЕГИ ЫР............................................................67
КАЙРА КУРУУ...................................................................68
БАТКЕНИМ.......................................................................69
КЫРГЫЗДЫН СУУСУ КАЙДА АГАТ?.............................70
УУЛУМ ЗАЙНИДИНГЕ......................................................71
СЕН БАР ЖЕРДЕ..............................................................72
БҮГҮНКҮ КҮНДӨ..............................................................73

ДААБЕК ТУРДУЕВ

# ӨРҮКЗАР КАЙРЫКТАРЫ

Ырлар

Редактору М. Ааматов
Терип, корректурасын жасаган С. Кубатова
Компьютердик калыпка салган Ж. Курмушуева

Басууга 01.02.2012-ж. кол коюлду.
Форматы А5, көлөмү 6,36 б.т.
Заказ №473
Нускасы 115

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу
Интеллектуалдык менчик жана инновациялар
мамлекеттик кызматынын
Полиграфия бөлүмүндө басылып чыкты